**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын жана башка шайлоо процессинин катышуучуларынын арыздарын кароо комиссиясына**

**Талас облусунун № 20 бир мандаттуу Манас шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер**
**Д. А. Джумабековдун шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыркул уулу Кенжебектен**
**Байланыш телефон: (+996) 502 379 858.**

# А Р Ы З

**(Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Н. Назарбековдун шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгы жөнүндө)**

Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Р. Назарбеков шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгына күбө болдум себеби, ***"Ачык саясат плюс"*** коомдук саясий жана укуктук гезитинин 2021-жылдын 5-ноябрындагы атайын чыгарылышындагы ***"Элин сүйгөн эр азамат! Жоомарт, кайрымдуу бололу!*** аттуу макасласында буга чейинки берилген жардамдар деген тематикада М. Р. Назарбековдун Кызыл-Адыр айылындагы мечитке – 40 000 сом жана Чоң Кара-Буура айылындагы мечитке – 20 000 сом берилгенин жазып чыккан. Талапкер мындай аракети менен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин талаптарын бузушкан, тактап айтканда
Шайлоо алдындагы үгүттү өткөрүүдө, үгүттүк материалдарда тикелей диний тематикага шилтеме жасап шайлоочулардын назарын өзүнө буруууга мыйзам жол бербеген аракетинен көрсөк болот.

Жогорудагы аталган мыйзам бузуучулук фактысына юридикалык баа берилип мыйзам чегинде чара көрүлүшү керек, ошол себептен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамын жетекчиликке алып **суранам:**

- **Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Р. Назарбековго шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгы жоопкерчиликке тартууну.**

Тиркелет: ***"Ачык саясат плюс"*** коомдук саясий жана укуктук гезитинин 2021-жылдын 5-ноябрындагы атайын чыгарылышы.

_______________ Ашыркул уулу Кенжебек.

24.11.2021ж